“БЕКИТЕМИН”
Тоо-кен технологиялык
Колледжинин директору
Аракеев М.У. _______________
“_____” ___________ 2022-ж.

“МАКУЛДАШЫЛДЫ”
Тарбия иштери боюнча
директордун орун басары
Ташполотов К.М.____________
“_____” ___________ 2022-ж.

# ТОО-КЕН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ

## “Чыңгыз менен Алыкул - кыргыз адабиятынын чолпон жылдыздары!”

аталышындагы адабий – музыкалык кеченин сценарийи

Бишкек -2022

Академик У.Асаналиев атындагы Кыргыз тоо-кен металлургиялык институту

Тоо-кен технологиялык колледжи

12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата

***“Чыңгыз менен Алыкул – кыргыз адабиятынын чолпон жылдыздары!”***

аталышындагы иш чаранын жүрүшү

Саламатсыздарбы!

Биздин кечебизге кош келипсиздер!

**Назира:** Баарыбызга бул күн заманыбыздын залкары, жаңыча көз караштагы адабий чыгармалары менен улуттук адабиятка кайталангыс бурулуш жасаган, кыргыз атын өз чыгармалары менен бүт дүйнөгө тааныткан улуу инсан, Кыргыз эл баатыры, Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү жана муну менен катар, оозеки чыгармачылык менен профессионал адабияттын ортосунда арасат калган кыргыз поэзиясын жаңыча багытка алып чыккан, аз жашаса да, кыргыз адабиятына ат көтөргүс эмгек жасаган акын Алыкул Осмоновдун көз жумган күнү катары белгилүү. Мына ушул эки символикалуу датаны эске алуу менен 2011-жылдын 28-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин атайын токтому аркылуу Кыргыз эл акыны, ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты **Эгемберди Эрматовдун** демилгеси менен **12-декабрь Улуттук адабият күнү** деп кабыл алынган жана 2011-жылдан бери ар жыл сайын Улуттук адабият күнү белгиленип келет.

Бул күндүн негизги максаты кыргыз адабиятынын бардык жанрындагы чыгармаларды сактоо, өнүктүрүү жана жайылтууну көздөйт.

Биз дагы бул күндү окуу жайыбызда белгилөөнү алдыбызга максат кылып

**“Чынгыз менен Алыкул – кыргыз адабиятынын чолпон жылдыздары!”** деген аталыштагы адабий кечебизди окутуучулардын жана студенттердин катышуусунда алдыңыздарга тартууламакчыбыз.

1. КРнын Мамлекеттик Гимни (ырдалат)

Назира: 2. Бүгүнкү биздин адабий кечебизге өзгөчө көрк кошуп, канаттуу ырлары менен бизди кыял чабыттарга жетелеген өзгөчө адам бизде мейманда.

Ырларымда буурулдай туяк кагам,

Болуп агып мөпмөлтүр булак тарам.

Асман –Жердей ааламды ырга салган,

Жеңижоктун жүрөгү сыяктанам!

Көзүм жумсам, көпкөк бир көл көрөмүн,

Көпкөк көлдө балыктар өрдөгөнүн

Ак канаттуу ыр издеп бара жаткан,

Алыкулдун баласы өңдөнөмүн!  - деген ыр саптарынын ээси, акын, котормочу, теле  журналист Атахан Кожогулов  бизде мейманда. Агай, кош келипсиз!

3. Иш чарабызды ачып берүү үчүн Тоо-кен технологиялык колледжинин директору

   Аракеев Мурат Усеналиевичке сөз кезегин беребиз. (агай сүйлөйт)

   Кийинки сөз акын агабыз Кожогулов Атахан агайга берилет.

4. Сөзү Ч.Айтматовго, обону М.Бегалиевге таандык “Ысык –Көлдү сагынуу”

   Аткаруучу колледжибиздин башкы адиси Исабекова Венера Шаршеновна

5.

Алсыздар алыс бара албайт

Артына чыйыр сала албайт

Таланты тайкы адамдар

Тарыхтан орун ала албайт

Таланты элдин –куту деп

Чыңгыздай болгон адамды айт

Алыкулдай акынды айт.

Сахнага Алыкул чыгат, пальтосун желбегей жамынып, ойлуу ары – бери басат. Улам келип кагазга үңүлүп ыр жазат. Четте акын столу, үстүндө чырак,  сыя челек,  калем жана чачылган кагаздар.

***Ыр окулуп баштаганда Алыкул тууралуу слайд  көрсөтүлүп турат.***

**Назира:** **ӨЗҮМДҮ ӨЗҮМ**

Мен өзүмдү үй сыртынан тыңшасам,
Күрс, күрс эткен оор жөтөл үн чыгат…
Бүткөн экен кайран өмүр, кайран жан…
Деп жалооруп көңүлүм шондо бир сынат.
Билген билер, билбегенге не чара,
Менсинген жаш муну кимден кем көрөт?
Кең пейилдүү, ачык колдуу бечара,
Кыйын жашап, жакшы жазган өңдөнөт.
Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыстан чаң ызгыткан шаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,
Эрдигинен эчен тирүү жан чыгат.

**Асеков Кубаныч (**0708 947471) **ЭСКЕРМЕ**

Билбейм, кандай, эмне ойдо экен катарым?
Мен өзүмдүн тагдырыма капамын.
Заманымдын керегине жарабай,
Эрте кургап, муздап бара жатамын.

Мен тургузбайм эскерсин деп эскерме
Эскерсин деп эстетерге эч нерсе,
Кайтпас күнгө калкып кете беремин
Кайсы күнү тагдырма кез келсе.

Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм,
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн.
17/XII 1945 Койсары

**Замирбеков Байэл.** (0501439195) **АДАМГА**

Адамды адам меймандап,
Сыйлайт экенсиң,
Жакын жолдош-жорону
Жыйнайт экенсиң,
Жакшы тилек ак ишти
Кыйбайт экенсиң.
Ак дасторкон үстүндө
Чын ниет менен досуңду
Жегин муну, ичкин деп,
Кыйнайт экенсиң,
Ошентсең да өмүргө
Сыйбайт экенсиң.
Кара жердин түбүнө
Бириңди-бириң жашырып,
Ыйлайт экенсиң. 16 –февраль 1945 Койсары

**Медербеков Калыс** (0709030971) **ТИРҮҮЛҮК**

Кеткен кетти, өткөн өттү бирдеймин,
Кечтим дайра агымынын миңдейин.
Кемибеген кенч экен го тирүүлүк,
Кенч дебесем анан аны не дейин?
Кайдан чыгып, качан келдим бу жерге?
Жел миндимби, суу миндимби, билбеймин.
Калган калды, бирин көзгө илбеймин,
Бастым ашуу, тайгак жолдун миңдейин.
Шаан-шөкөт, той экен го тирүүлүк,
Той дебесем анан аны не дейин?
Жашоо чиркин, бир тамшаным нерсе экен,
Кант жедимби, бал жедимби, билбеймин. 17-декабрь 1945. Койсары

**Бөрүбаев Тынай** (0501696101) **БӨБӨККӨ**

Эң жаш калып, эсте калбай ата-эне,
Кайнап бышып, далай кыйын кездерге.
Балбан турмуш түбү калың болсо да
Керек жерин жара тээп кирерде.

Тооруй басып тосуп чыгып жолумдан,
Бурай кармап, майыштырып оңумдан,
Жаш өмүрдө жаңы бөбөк көрөрдө
Таш боор өлүм тартып кетти колумдан.

Өлдү бөбөк жүргөн каны токтогон.
Бир жылт этип өчкөн чырак окшогон.
Учсуз жердин бир ууч куну кеткен жок,
Бети жок ай, жер уялбайт ошондон.

Кетти бөбөк жанаа гана бар болгон,
Жарык таанып жаңы гана ойгонгон.
Түпсүз көрдүн карыш бурчу кеткен жок,
Ары жок ай, көр уялбайт ошондон.

Бар болсо экен картайганда көргөнү,
Соо болсо экен жаштын жаңы жөлөгү.
Өмүр алда, эртеңкиге тобокел,
Өлбөсө экен башкалардын бөбөгү.  30-ноябрь 1944. Койсары

***Слайд токтотулат***

ОПИк -10-21 группасынын студенти  Руслан кызы Айдананын аткаруусунда

**“Ак кайың”** ыры с. А.Осмонов, обону: Ж.Муратова (артында кыздар бийлеши керек)

***Слайд улантылат***

**Бейшенов Акыл** (0770506515) **ОТУЗ ЖАШ**

Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз...
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?

Бүгүн дуулдап, кечкимди ойлонбой,
Кечээ жыргап: эртеңиме кайдагы ой.
Мени алдаган жаштыгыма ишим жок,
Өлүм мени эркелетип койгондой?!

Артык экен, кымбат экен жаштык кез,
Алтын экен, жакут экен баа жетпес.
Коюн толгон отуз жаштан айнууга,
Өмүр чиркин, өкүмү күч жол бербес.

Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!
Көзүң чуңкур, өңүң кансыз, сары-сур,
Тил албассың, жоголо бер, кете бер,
Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.

Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам карап тур! 8-декабрь 1944. Койсары

**Стамкулов Нурмир** ( 0704908371) **Ысык- Көл**

Жаш белем...
Тентек белем... Ысык-Көлүм
Ойноткон толкунуна каз, өрдөгүн,
Жаз күнү, күн батарда карап турсаң,
Уялчак кызды өпкөндөй сергийт көңлүң.
Шок белем,
Ойнок белем, Ысык-Көлүм,
Кубанган, кубалатып өзүнө өзүн...
Кечинде жалгыз келип карап турсаң,
Жуткандай жайлоо желин, сергийт көнлүң.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырлуу мындай жолдош күткөн жокмун.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.
Турмушта канча курдаш күтсөм дагы
Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун.

**Сейитбеков Мирбек** (0703384740) **Фрунзе**

Фрунзе, учкан уям, сүйгөн калаам,
Көп жүрдүк, ойноп, күлүп эсен-аман,
Эч качан жакшы элесиң эстен кетпейт,
Кашка суу, жашыл бакчаң, салкын абаң.
Фрунзе, сүйгөн шаарым, сүйгөн калаам,
Жаш күнүм, балалыгым сенде калган.
Турмуштун эң ысыгын сага берип,
Бөлүнүп бир өзүңдөн кайда барам!
Жок барбайм, андай сөзгө көңүл салбайм,
Күн бүтүп, картайганча сени жандайм,
Айрылсам курдашымдан айрылармын,
Бирок да бир өзүңдөн айрыла албайм.
Фрунзе мекенимдин бала шаары.
Фрунзе өскөн шаарым, сүйгөн калаам,
Сагынсам атыңды атап канааттанам.

**Каналбеков Бекбоосун** **Сүйүү ырларынан**

**Сүйүү жана мен.**

Сүйүү эмне? Сүттөй таза колукту!
Ансыз анан алтын өмүр толукпу?
Ошондуктан эң биринчи жаш сүйүү
Бермет, жакут, каухар кийип жолукту.

Кучактадым, өптүм, кыстым боорума,
Бул турмушта өлгөнчө бир болууга.
Бирок, сүйүү эң жалганчы нерсе экен,
Кош деди да от карматты колума.

**Сулууга**

Кош, жан эркем, кош дейсиң деп таарынба,
Мени күтпө, мени эстебе, сагынба,
Жаш кездердей ынак сүйүү жок экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.

Кош сүйгөнүм, коштошордо жалынба,
Сен жакшы элең мен сүйө элек чагыңда,
Ак сүйүүдөн көңүл калуу көп экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.
Таттуусуңар, ачуусуңар сулуулар,
Алдайсыңар бизди опоңой кургурлар,
Канча болсо сенин жибек көйнөгүң
Дал ошончо жүрөгүңдө сүйүү бар.

Сүйүү деген–сүйүү эмес эринден,
Сүйүү деген–от чачышуу жүрөктөн.
Сүйүү деген–сүйүү эмес бетиңден,
Сүйүү деген–сүзүп өтүү деңизден.

**Медербеков Марлен** (0508464442) **"Мен кыргыздын акыны!"**

Ким берсе да жакшы берген бактымды,
Ким койсо да жаман койгон атымды,
Ушакчыдан: не кылам деп сурасам,
–Беш тыйынга мага сат дейт даңкыңды!
Сатам!
Алсын!
Кайдан билсин баркымы?
Чайга салып жутар кезде:
Заар тилин куйкалачуу
Мен кыргыздын акыны!

Карлуу күнү берсе керек бактымды,
Аяз күнү койсо керек атымды.
Ичи арамдан: не кылам деп сурасам,
Бир тыйынга мага сат дейт даңкыңды!
Сатам!
Алсын!

Кайдан билсин баркымы?
Кантка салып жутар кезде:

Кара көңүлүн куйкалачуу,
Мен кыргыздын акыны!

ОПИк -1-21 группасынын студенти Каналбеков Бекбоосундун аткаруусунда
“Махабат дастаны” ыры ***(видео коюлат)***

6. Ооба, эл ичи –түгөнгүс кенч, жер үстүндө кыргыз эли канча жашаса да талант, анын ичинде ырчылык өнөр өлбөйт. Сөз атасы – ыр, сөз зергери –акын делет.
Атахан агай, бирок ошо ыр деген, акын деген өзү кантип жаралып, кайдан чыгат? Табышмак ушунда. Таланттанбы же табият берген көрөңгөдөнбү? Макул дейли, а бирок булар жалаң акындардын энчисине басып берген түшүнүк эмес ко, ошондон улам кээде мага поэзия дегениң ааламдын туңгуюк түпкүрүндө жаралган табышмактуу зат катары көрөм да мен. Болбосо биз сүйлөгөн кадимки эле кара сөз акырындан жылт-жылт эте учкундап тутанып барып, жалбырттап кеткен жалындай болуп кантип эле таалайга жазылгансып дал табылган ийкемге, бири-бирин алмашпас абалга жетип, ыргак болуп куюлуп, ыр болуп кулпунуп чыга келет. Ырас эле, кантип, агай? Ыр кантип жаралат?

Акындын жообу. ...
Ыр дүйнөсүно кантип келип калдыңыз? Кандай учурда сиз ыр жаратасыз?
Акындын жообу......
Азыр ыр окуу эстафетасын сизге сунсак, көңүл борборубузда акын агабыздын ырлары..

--- Кийинки кезек өзүнүн ой кыял чабыттарын кагазга түшүрүп, ыр дүйнөсүндө өзүнүн күчүн сынап келе жаткан жаш калемгерибиз ОГРк-9-22 группасынын студенти Бөрүбаев Тынайда. Автордун көркөм окуусунда...
- Атахан агай, бул жаш калемгерибиздин ыр куруудагы рифма, ыргактык, уйкаштыгы боюнча кандай пикир айта аласыз, кандай баа бересиз?
- Акындын жообу

7. Рк -9-22 группасынын студенти Койчубеков Исламдын аткаруусунда (0704525191)

“Ильястын ыры” ***(Слайд коюлат)***

8. Ч.Айтматовдун чыгармаларына арналган ырлардан көркөм окуу ***(слайд коюлат)***

**Сатыбеков Зарылбек** (0708488439) ***«Фудзиямада кадыр түн»***

**Сабырдын ыры**.
«Эзелтен чечилбеген улуу талаш»,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо кууса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да ушул талаш, –
Канткенде адам уулу адам болот?
Душмандан жан соогалап качканда да,
Душманды кырып-жоюп басканда да,
Түбөлүк чечилбеген ушул талаш, –
Канткенде адам уулу адам болот?
Адамзат качан чечет, качан коёт, –
Канткенде адам уулу адам болот?

**Алманбетов Мирсаид** (0999960614) **Кош терек**

Алтынай, Дүйшөн тиккен эки терек,
Көйкөлүп турган экен көктү тиреп.
Жанданып өнүп- өстү ушулардай
Баягы ошондогу үмүт, тилек.
Тал эле азыр бийик болду дарак,
Тургандай аял заты аны карап.
Ким эле академик ал Алтынай,
Саамайы баратыптыр ак аралап.
Илимдин терен кенен жолун тандап,
Турмуштун тизгинин ал бекем кармап.
Алыска бийиктикке учкан экен,
Кош терек  өсөт аны даңазалап
Кош терек мага ушул болду белек,
Сүрөтү болсо дагы үмүт тилек.
Ким билет булар али болбогондо,
Айтылбас “Бул Дүйшөндүн мектеби” деп

**Бекенов Алсеит** (0 505 559 270) **Маңкурт баяны**

“Ээн талаа Сары- Өзөктө Желмаян төөсүн желдирип бир эне минтип боздоп келет: “мен ботосу өлгөн боз инген, тулубун келип искеген, кудай талаа, бул дүйнөдө эч кимди маңкурт кылбаса экен!..”

Бул жомок өзөгүмдү өрттөп согот,
Чындыгын,ырасын бул жомоктун.
Ээн –талаа, эрме чөлдө апаппак куш,
Дөнөнбайлап учуп жүрөт, Дөнөнбай.
Казактын кең даркан талаасында,
Ээн –талаа, эрме чөлдүн арасында.
Желмаян төөгө минип бир байбиче,
Желдирип келе жатты шашке маалда.
“Ким, -дейсиң –бул байбиче?
Азыр ал тагдырына Найман апа, абдан капа.
Жалгызын  жоготконго ичи ачышып,
Жалдырап козүн салат эки жакка...
“Кулунум тааныйсыңбы, бул мен, апаң,
Атың ким? Атың сенин –Жоломан.
Атың ким, кургурум –ай,
Атаңдын аты болсо Дөнөнбай, Дөнөнбай,
Дөнөнбай,

**Нурали** (0707541777) **Революция жасады**

Чыңгыз ойдун алтын нурун себелеп,
Чыгармасын жазды не бир керемет.

“Түнкү сугат”, “Ак жаан”, “Асма көпүрө”
Чыгарды анын китептерин көркүно.

“Жамийласы” Даниярга каш кагып,
Даңкы кетти элет жерден башталып.

Өмүрдү өлүм, өлүмдү өмүр башкарып,
Бугу  эненин даңкы турду таш жарып.

Согуш жылдар... Эстен кетпейт бул учурлар,
Учуп кетти “Эрте келген турналар”

Күз күркүрөп, он бешинде толгон  Ай,
Жер энеге сырын айтты Толгонай.

Каармандыокуп Базарбайдай, Бостондой,
Ким чыдамак жүрок оту козголбой.

***Слайд токтойт***
9. МДк-9-22 группасынын студенти Жолдошбек уулу Самат. (0221237547) “Махабат сыры” (комуз менен ырдайт)

**Комуз** (ырын айтып анан ырдайт)
Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт, чебер колсуз.
Оп-оңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.
Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй,
Бул комуз, көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөпжөнөкөй.

Аткаруучулар:
*Жамила* – Лира   (күрөк, кап, түйүнчөк)
*Данияр* –  Зарыл
*Асель* – Айдана
*Ильяс* – Бекбоосун   (машина, ачкыч, колун аарчыган тряпка)
*Султанмурат* – Байтур
*Мырзагул* –Алтынай  ( сайма сайылган бет аарчы)
*Сейде* – Жанара   (оролгон бала)
*Ысмайыл* – Нурали
*Сабира* – Айдана (бутак, алма)
*Нургазы* – Калыс (портфель, дүрбү, фурашка)

***( Слайд кайра улантылат)***
**Бекбоосун ---Танабайдын ыры**
Тушунда эл оозунда Гүлсары элең,
Күлүгүм, куюн жетпес тулпар элең.
Умсунтуп жол каратып койду кантем,
Жомоктой Бүбүжанды тапкан дүйнө.
Улгайып жашка моюн сунган кезим,
Досумду, атты жоктоп турган кезим.

Чоромду, Гүлсарымды алган дүйнө,
Ингендей жок издеткен – Өмүр сынак.

**Лира --- Жамиланын ыры**
Жандан башка Жамиланын мүнозү
Канча адамга татыгандай бир өзү
Аалам кезип, таап кетти бакытын,
Анын ушул болгон эле “күнөөсү”

**Зарыл --- Даниярдын ыры**
Күлкүмдүн тең, жартысы,
Өмүрдүн бал тамчысы.
Өзүңсүң бир, Жамийлам,
Махабаттын жарчысы.
Сагынычтын түнөгү,
Жамийлам, Ак сүйүүмдүн мүрөгү.

**Бакдөөлөт --- САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ**
Түшүнгөнгө дыйканчылык турмушу –
Түбөлүктүү Саманчынын жолу ушу.
Түбү келип дыйканчылык дегениң –
Бул турмуштун жүрөгүнүн согушу.
Субанкулдун чеккен таштай турпаты –
Нагыз кыргыз дыйканынын бүт тиби.
Уулу – Касым, небереси – Жанболот,
Булар дагы жерди сүйгөн жан болот.
Бул чыгарма – бүткүл кыргыз дыйканын
Даңазалап турган улуу монумент.
Сан эл билген, сан эл көргөн, мына ушул
«Саманчынын жолу” деген монумент

**Айдана --- жалпы**
Жер эне, Толгонайды, Алиманды,
Данияр, шайыр мүнөз Жамийлаңды.
Илияз, Султанмурат, Нургазылар,
Каармандар классика сабындагы.

**Алтынай ---- АКБАРАНЫН ЫРЫ**
Бөрүлүгүм ырас, бирок энемин,
Бөөдө кырсык басып дайым келемин.
Айткандары чын болсо эгер канакей,
Адамдардын аалам чексиз дегени.
Түрдүү жорук дүркүрөткөн денени,
Жок дегенде аяшпайбы энени.
Күнөөсү жок бөлтүрүктөр эле го,
Көз алдымда өлүп жаткан береги.
Айбан элем, бирок жырткыч болбогом,
Болгон айбым – тукумумду коргогом.

**Калыс -- МОМУН ЧАЛДЫН МОНОЛОГУ**
Бул дүйнөнүн билбей калдым ар жагын,
Акбарадай арбып барат арманым,
Нургазы уулум, сенин шоруң аз экен
Өмүр бою бала бойдон калганың!
Тунук көлдө сүзүп жүргөн түбөлүк
Сен наристе, сен бактылуу баласын.
Мен тартайын көр турмуштун азабын.
А сен уулум суудай таза жашагын!
«Ак кемеде» сүзө бергин түбөлүк
Айдың Көлдө атаң Чыңгыз атаңын!

**Тынай --- Эрте келген турналар**
Балдар да бар, Сейит өңдүү өспүрүм,
Султанмурат, Анатайлар көп бүгүн.
Жоломандай "Маңкурт" болуп калбастан,
Таап кетсин татаал кезде өз күнүн.

**Жанара ---КЫРГЫЗДЫН ПАСПОРТУ БАР,**
**АТЫ – ЧЫҢГЫЗ**
Кырк миң жыл өтсө дагы эстен чыккыс,
Кыргыздын кырааны бар, аты – Чыңгыз.
Кайсы элге барса дагы тааный турган,
Кыргыздын паспорту бар, аты – Чыңгыз.

(Слайд токтойт)

10. ГФк-9-22 группасынын студенти Сейдакматов Азаттын аткаруусунда "Ак кеме" ыры (балдар вальс бийин бийлешет)

11. Толгонайдын монологу аткаруучулар Алтынай жана Жанара

**Толгонайдын монологу**
- **Жанара:** Амансыңбы, куттуу талаам?
- **Алтынай:** Аманчылык. Келдиңби, Толгонай? Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк.
- **Жанара:** Өмүр өтүп бара жатпайбы, ЖерЭнем, арадан дагы бир жыл өттү, бүгүн менин сыйынуу күнүм.
- **Алтынай:** Билем. Келериңди күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу сен баланы да ээрчите келмек эмес белең?
- Жанара: Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.
- **Алтынай:** Демек, сен ага эчтеке айткан эмес экенсиң да, Толгонай.
- **Жанара:** Жок, айталбадым.
- Алтынай: Айтор, эртебикечпи, акыры бир күнү ал угат да, Толгонай. Элдин арасында оозу бош бирөөжарым жок дейсиңби?
- **Жанара:** Аның чын. Эртебикечпи, акыры бир күнү билет. Аркытеркини түшүнө тургандай чоңоюп да калды өзү. Бирок мен үчүн ал дагы эле чалагайым бала сыяктанат. Корком, балалык кылып, өткөн-кеткенди туура түшүналбай, ичи сууп калабы деп аярлайм. Анткен менен адам чындыкты бир күнү билиш керек да. Мен билген чындыкты, сырдашым, касиеттүү жер, сен билген чындыкты, элдин баары билген чындыкты

азырынча жалгыз ал гана билбейт. Аны укканда эмне дээр экен, кандай ойлорго кабылып, кептин аныгына жеталар бекен? Канткенде баланын жүрөгүн үшүтпөй, жаштайынан турмуштан көңүлүн калтырбай, сырымды айтып бералар экенмин?
Эки ооз сөз менен түшүндүрүп берчү иш болсо кана. Кийинки күндөрдө ойлогонум эле ушул, күнү-түнү ойлоном. Кышында сыркоолоп, төшөктө жатканымда, өлүмдөн анча корккон жокмун, ажал жетсе, каяша кылбай, шыр эле жүрүп кетмекмин. Бирок, көзүм жумулуп кетсе айтар керээзимди айтып жетишалбай, өзүм менен кошо көр астына ала кетемби деп, аябай жүрөгүм түштү. Ал эси жок, аны кайдан билсин, демейде тентек чалыш неме мектепке да барбай калып, жанымдан чыкпай жүрдү. Апасын тарткан күйөрман: "Эне, кай жериң ооруйт? Суу ичесиңби, же дарыңдан берейинби, эне? Үстүңдү, жылуулап коёюнбу?" — деп эле турат. Ушинткенде — оозум барбады, кудуретим жетпеди.
Байкушум эч кандай арамзасы жок, жаткан бир ишенчек, дагыле наристе бойдон. Эчтекеден күмөн санап койбойт. Анан мен кантип айтмак элем. Ушуну менен эле сөздүн учугун табалбай алекмин. Минтип да, тигинтип да таразага тартып көрөм: жөн эле айтып берчү жомок эмес экен да. Айланып келип бир пикирге такалам: болгон чындыкты бала туура түшүнүш үчүн мен ага жалгыз гана анын тагдырын эмес, бүт заманымдын тарыхын, өткөнкеткендер жөнүндө, ал түгүл ушул кезде эчтекеден бейкапар минип ойноп жүргөн велосипеди жөнүндө айтып беришим керек. Балким мына ошондо гана туура болор. Турмуш баарыбызды бир түйүнгө байланыштырып, камырдай жууруп салган турбайбы: эчтекесин жашырып, эчтекесин кошумчалай албаймын. Ал эми бала эмес, кексе киши дагы бул ишти ар кандай түшүнөр. Көзүм тирүү турганда, ушул ыйык парзымдан кутулсам, өлсөм да арманым болбос эле...

11. Жалпы баарыбыз аткарабыз

**Ата Журт**

Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,
Кыш да катуу... бороон улуп, кар уруп...
Суугуңду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата-Журт!

Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин,
Наалат келип ат тизгинин шарт буруп...
Азабыңды өз мойнума алайын,
Из карайын, токтой турчу, Ата-Журт!

Жазда башка... Жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас, мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-Журт!

24/X–1948 Чолпон-Ата

12. Акын А.Кожогуловдун ырларынан залда отургандарга көркөм окутуу

***Слайд улантылат)***

13. Бар бололу, түгөнбөйлү, курдаштар,

Узак, узак, узак болсун бул сапар.

Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да,

Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар –

- Ыракмат силерге, жакшы жашап, март иштеп өткөн адабияттын чолпон жылдыздары!!!

14. Жыйынтык сөз. (Директорго, конокторго берилет)